# УЛУТТУК АДАБИЯТТА САЛТТЫК ТӨКМӨЛҮК ӨНӨРДҮ ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИНДЕ К. АРТЫКБАЕВДИН РОЛУ, ОРДУ

**ТУРДУГУЛОВ АЛИ**
*филология илимдеринин доктору, профессор. Ж.Баласагын атындагы КУУ*

Кыргыз адабиятынын тарыхын системалуу негизде тынымсыз изилдеп жүргөн окумуштуу, филология илимдеринин доктору, профессор Качкынбай Артыкбаев ошол улут адабиятынын тарыхынын салааларынын бири болгон ырчылар чыгармачылыгындагы салттуу төкмөлүк өнөрдү изилдебей, аны кыйгап өтө адбайт болчу, бул өнөрдүн изилденишине окумуштуу ири салым кошту.

Акындык поэзия, анын ичинде, салттуу төкмөлүк өнөр улуттук адабияттын тарыхында өзүнчө кайталангыс феномен да, көркөм мурастын өзүнчө бир салаасы катары да адабият тарыхчыларынын, теоретиктердин, жалпысынан, адабияттаануу илиминин изилдөө объектисине активдүү айланган, изилдөө иштериндеги маанилүү маселе экендиги, асыресе, далилдөөлөрдү талап кылбаган көрүнүш.

Адабият тарыхынын, теориясынын, адабий сынынын системалуу

изилденилишине өзүнүн бараандуу салымын кошуп жүргөн филология илимдеринин доктору, профессор Качкьшбай Артьжбаевдин монографиялык жана портреттик мүнөздөгү изилдөөлөрү[1] тарыхый-хронологиялык, адабий-теориялык, көркөм-эстетикальж жана адабий сынчылык изилдөөнүн обьектисинен апганда тереӊ анализден өткөрүлгөн, ал эми методологиялык аспектиден караганда изилдөө обьектисине альнган ар бир маселенин генезиси менен процесси ар тараптуу анализге алынып, туура таспиеттелип, ары алгылыктуу корутунду-тыянактар чыгарылган илимий ири маанидеги изилдөөлөрдүн катарын толуктап турат.

Монографиялык (обзордук) изилдөөлөргө караганда конкрет бир чыгармачыл инсандын адабий мурасын изилдеген адабий портреттер басымдуулук кылган Качкынбай Артыкбаевдин «Акыйкат сабагы» (36) аттуу сын макалалар, изилдөөлөр, адабий портреттер жыйнагына эл ырчыларынын чыгармачылыгына арналган портреттик үч изилдөөсү киргизилиптир. Алар төкмө ырчы жана жазгыч акын, устаттыктын улуу үлгүсүн көрсөткөн Калык ырчынын адабий мурасына арналган «Устаттыктын улуу бийиктиги», айтылуу Арстанбек Буйлаш уулунун легендарлуу «Тар заманы» жөнүндөгү кеӊири изилдөөсү жана эл ырчысы Абдрашит Бердибаевдин чыгармачылыгына арналган «Төкмөлүктөн профессионал поэзияга карай» аттуу изилдөөлөрү эле.

Профессор К.Артыкбаевдин адабий портрет түзүүдөгү, каралып жаткан маселенин «ийне-жибине» чейин «үргүлжү» карап, комплекстүү мамиле жасай билген адабиятчы катары касиеттерин, илимий жөндөмүн белгилөө менен жогоруда сөз болгон үч изилдөөнүн (балким, булардан башка да эмгектеринин) ар бирине өз-өзүнчө токтолуп, ушундан улам окумуштуунун акындык поэзияны изилдөө иштерине кошкон жеке салымын белгилеп алуу милдети алдыбызда турат.

Ырас, улуу ырчы Калык жөнүндө, анын элине калтырып кеткен адабий-маданий мурастары жөнүндө кыргыз адабияттаануу илиминде, акындык поэзияны изилдөө илиминде, кудайга шүгүр, көп эле изилдөөлөр жүргүзүлдү, алардын ар биринде алгъшыктуу пикирлер айтылып, ырчынын мурасына карата системалуу,

---

[1] К.Артыкбаев. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын арыхы. –Бишкек, 2004. Акыйкат сабагы: адабий сын макалалар, изилдөөлөр, адабий портреттер. –Бишкек, 1991. Талант сыры: адабий изилдөөлор жана портреттер. –Бишкек, 1994. Устаттыктын улуу бийиктиги. –Ала Тоо журналы, 1989. № 1. 142-152-беттер.

калыпка салынган илим калыптанып калган учуру. Ошентсе да, Качкынбай Артыкбаевдин жазган адабий портрети акындын чыгармачылык концепциясынын бүтүндөй эволюциясына арналгандыгы менен баалуу деп туралы.

Адабиятчы-окумуштуу ыр жаратуунун, чыгармачылыктын табиятына кеңири мүнөздөмө берип, мында эл ырчыларынын чыгармачылык табиятынын өзгөчө жактарын белгилөө менен, мунусун Калыктын чыгармачылык эволюциясына байланыштуу караган. Калыктын чыгармачылыкка болгон шык-жөндөмү ойгоно баштаган сегиз жаш курагынан тартып, тагыраак айтсак, Эшмамбет менен Жаңыбай ырчынын алым-сабак айтышын жаттап алган бала Калыктын аткаруучулук жөндөмүнөн тартып, «Баскан жол» аттуу ири көлөмдөгү мемуардык чыгармасына чейинки чыгармачылыкта да, турмушта да кадимкидей «тиш кагып» калган мезгилинде жараткан ири көлөмдөгү «Курманбек», «Жаныш-Байыш», "Кедейкан», «Ак Мөөр» дастандарына чейинки узак мезгилди камтыган өмүрлүк да чыгармачылык да эволюциясын сыдыргыга салгандай саймедиреп баяндап, тим болбой, Артыкбаевдик стилде, тарыхый-хронологиялык тартипте баяндап, жадагалса, сынчылык изилдөөсүн жасаган.

Чыгармачылыкка жаңыдан эле аралаша баштаган бала Калыктын турмушунан зарыл үзүндүлөрдү келтирип, алардан тийиптүү жыйынтык-бүтүмдөрдү чыгаруу менен окумуштуу өзүнүн алгылыктуу ойлорун айтыптыр, ошентип Калыктын жаш кезинде эле калыптана баштаган адамдык касиеттеринен, «баарыдан мурда анын таптык позициясынын бекемделип, бай, кедейдин ажырымын жөн гана билип тим болбостон, жардылардын таламын талашып, ачык күрөшө баштаганына» чейинки тагдыр жолун, мунөз-касиеттерин белгилеп отурат. Калыктын аң-сезиминде улам терендеп отурган турмуш тажрыйбалары анын «коом турмушундагы ар кандай окуяларга, чындык көрүнүштөргө өзүнүн обьективдүү баасын берип, чоң социалдык жалпылоолорду көркөм сөз аркылуу айта билүү деңгээлине жетип калган» абалы чыгармачьшыктагы устат-шакирт маселеси менен бирдикте каралган.

Төкмө ырчьшарга мүнөздүү болгон өзгөчөлук, асыресе, устат жана шакирт маселесине тыгыз байланышта каралышы керек экендиги К. Артыкбаевдин да көз жаздымында калган жок. Калыктын жалпы чыгармачыл тагдыр жолунда өтө чоң мааниге ээ болгон улуу устаты Токтогулдун таасири өзгөчө белгиленип, баралына жеткире иштелгенин айтпай өтүү мүмкүн эмес. Ырас, ар бир акын кайсыл бир мезгилде кимдир бирөөдөн өнөр үйрөнүп, аны устат күтөт, а качандыр бир учурда өзү кимдир бирөөлөргө чыгармачылык сыр үйрөтүп, шакирт күтөт. Бул атамзамандан бери куйрук улап, үзүлбөй келе жаткан салт, чыгармачылык салт. Калыктын шартьшда да бул салт бузулган жок. Анын тагдыр жолунда чыгармачылык тыгыз байланыш түзгөн Токтогул, Женижок, Эшмамбет, Курман, Жаңыбай, Осмонкул, Токтонаалы, Ысмайыл, Абдрашит, Токтосун, Сарыкунан сыяктуу кыргызда салттык төкмөлүктүн классикалык үлгүсүн жараткан акындардын жоон тобу жатат.

Калыктын жалпы ырчылык өнөрүндө, акын катары да, адам катары да калыптанып, турмуштук терең түшүнүктөрү түптөлүп, ааламды андап-билүүнүн прогрессивдүү аң сезиминин өнүгүшүнө улуу устаты Токтогулдун чоң таасирин улам белгилеп отургаиы болбосо Калыктын айтыш өнөрүндөгү салтуу төкмөлүктүн баралына жетүү учурун анын Эшмамбет менен болгон айтышы менен байланыштырат, үзүндү келтирели: «Эшмамбет менен болгон айтышуу – бул бизге белгилүү маалыматтарга караганда Калыктын элге белгилүү болуп калган чоң

ырчылар менен болгон поэтикалык биринчи беттешүүсү. Эгерде бул беггешүүдө жеңилип кала турган болсо, Калыктын төкмөчүлүк, ырчылык өнөрүнүн чектелүү экендиги билинип, угуп турган элге анын бедели алда канча төмөн түшүп калмак. Анткени, айтыш - акындын акындыгын, таамай айта алган сөзмөрлүгүн, тапкычтыгын, чечендигин, бир сөз менен айтканда, төкмөчүлүк күчтүү өнөргө ээ экендигин, же көрөңгөсүнүн тайыз экендигин көрсөтүүчү бирден-бир сыноо трибунасы болгон. Мына ушу чоң сыноодон жаш ырчы Калык тайсалбай шыр өтө алгандыгьш мыша ушул айтышта ачык көрсөткөн»[2].

К.Артыкбаевдин сөз болуп жаткан изилдөөсү жалпы сомосунан алып караганда эл ырчысы Калыктын чыгармачылык эволюциясына саресеп салган изилдөө экенин айттык эле. Арийне, окумуштуу ал эволюцияны кылдат тарыхый-хронологияльж тартипке салып, ар бир этапты өз-өзүнчө пункттарга кашкайта көрсөтпөсө да, Калыктьш жалпы чыгармачылык өмүр жолун, андагы карманган багыт-принциптерин «жеңилден-оорго, жөнөкөйдөн-татаалга» карай өсүп-өнүгүп отурган диалектикалык кыймылды таспиеттеп отурганын байкоо кыйын эмес. Ошентип, окумуштуу анализдеп отурган чыгармачылык эволюцияны төмөнкүчө этаптарга бөлүштүрүүгө болоор эле:

1. Калыктын чыткурсак бала кезинен эле чыгармачылыкка ынтаасын коюп, айрым жаттап алган ырларын айтып, өзү да ыр жарата калып, ааламды андоо аң-сезими түптөлүп отурган мезгили.

2. Таптык аң-сезими калыптанып, анысы адамдык да, акындык да позициясына бекем орноп, элдин мүдөөсүн канааттандыра ала турган абалга өсүп жетилген ырларды жарата баштаган мезгили.

3. Чыгармачылыкта Токтогулду, Жеңижокту устат күтүп, алардан, айрыкча, Токтогулдан таасир алып, ырларынын мазмундук жана формалык жактан жеткилең, калыпка салынган абалы К.Артыкбаевдин сөзү менен айтканда, «Калык өзүнүн чыгармачылык методунун башкы принцибин биротоло бекемдеди, ал принцип Токтогулдун үлгүсү менен чындыкты айтып ырдоо».

4. Кыргыз элинин Октябрь төңкөрүшүнө чейинки социалдык-саясий, маданий турмушунун Калыктын ырларынан орун алышы. Эл турмушундагы таптык диктелүүлөр, крама-каршы эки коомдук түзүлүштүн табияты, Калыктын өзү өкүл болгон эзилүүчү карапайым элдин жокчулук абалы, «жер кепеде» өткөргөн аянычтуу күндөрүнүн реалдуу сүрөттөлүшү.

5.Кыргыздын тарыхында улуу бурулуш (жоготуу) болгон улуттук геноцид, 1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүштү, анын себептерин жана натыйжаларын өз көзү менен көргөн Калыктын чыгармачылыгында бул тарыхый окуянын көркөм чагылдырылышы.

6.Октябрь төңкөрүшүнүн жеңиши менен элдин турмушуна эркиндиктин келиши. Социалдык-саясий, экономикалык турмуш жагдайынын кыйла оңолушу менен эл маанайындагы кубаныч-сүйүнүчтү, Лениндин, партиянын, анын идеологиясына ылайык жүргүзүлүп жаткан жаркын турмушту даңазалоо.

7. Качкынбай Артыкбаевдин сөзү менен айтканда: «Калык 1936-жылы Кыргазстандьш мамлекеттик филармониясына кызматка өтүп, өмүрүнүн акырына

---

[2] Артыкбаев К. Акыйкат сабагы: адабий сын макалалар, изилдөөлөр, адабий портреттер.-Бишкек: Адабият, 1991. -64-бет.

чейин республиканын чар тарабын кыдырып, өлкөбүздүн көптөгөн жерлеринде болуп, олуттуу жыйындарга катышып, көргөн-билгендерин, өзүнүн ой-туйгуларын төкпөй-чачпай төгүп ырдап, уккан адамдардын черин жазып, кумарын кандырып жүрүп өттү, улуттук искусствонун пайдубалын негиздөөчүлөрүнүн катарынан орун алды»[3]. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги чакырык формасындагы үгүт-насыят ырларын деле ушул этапка кошо туралы.

Белгилүү го, бул урунттуу мезгилдер акындын чыгармачылыгынын улам бийиктеп да, терендеп да отурган диалектикасынан, эволюциясынан гана озордук кабар берип чектелбейт. Эң оболу, мындай өсүш көп кырдуу тематиканы, мазмун жана формалык тынымсыз изденүүлөр менен ийгилик-түйшүктөрдү, жаңы табылгаларды, а эң негизгиси, таланттын тынымсыз такшалып олтуруусун шарттады. Ошентип, Калыктын чыгармачылыгындагы улам өр таяп отурган эволюциялык өсүш К.Артыкбаевдин изилдөөсүндө өз баралына жеткендигин айтышыбыз зарыл.

Профессор К.Артыкбаевдин салттуу төкмолүк өнөрдү изилдөө иштерине кошкон бараандуу салымдарынын бири - айтылуу Арстанбек акындын чыгармачылыгына болгон илимий мамилеси, анын «Тар заман» казалынын тегерегиндеги изилдөөсү болуп калды.

Деганкиси, Арстанбектин «Тар заманына» кеңири пландагы изилдөөлөрдү жүргүзүү анын көркөм чыгарма катары темасы менен идеясын, мазмуну менен формасын, композициясы менен проблематикасын текстологиялык, не адабий-лингвистикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү мындай турсун, анын автору Арстанбек Буйлаш уулунун жалпы мурасы, алардын улуттук адабият менен маданияттын өнүгүшүндөгү ролу менен орду тууралуу жалпы жолунан иликтеген иштердин башталганына аз эле убакыт болду. Мындай обьективдүү жагдайды эске алганда, КАртыкбаевдин сөз болуп жаткан изилдөөсүнүн мааниси менен нарк-насили ого бетер жогорулагандан-жогорулап отурат, муну жашырыш кыйын.

«Тар замандын» текстиндеги айрым сөздөрдүн кандай мааниде колдонулуп жатканына айрым түшүндүрмөлөрүн берип, К.Артыкбаев, казал жаралган мезгилдин социалдык-саясий портретине мүнөздөмө берип салган, мунусу казалдын текстиндеги «дечү эле», «орус», «буйрук менен кондурган», «сарт», «жакшылар» сыяктуу терминдик түшүнүктөрдүн тегерегиндеги ойлорунан көрүнөт. Айрыкча, «узун чөптүн баарысын оруп, кыска чөптүн баарысын коруп келе жаткан орустун (бул, окумуштуунун трактовкасында Россиянын колонизатордук саясаты эле) ченчи кылып жерди алганын, бээден тууган керди алганын, карды салык байды, кача турган жайды алганьш» Арстанбектин аң-сезиминде кандай кабыл алынып, кандай чагылдырылганы анализге алынат. «Орус элинин эмес, - деп жазат, окумуштуу, Россия падышачылыгынын колонизатордук саясатынын адегенде казак жергесинде үстөмдүккө ээ болгон мезгилинде ал жактагы абалдан кыргыздардын Арстанбек өңдүү алдыңкы өкүлдөрүнүн кабардар болгондугу да талашсыз чындык» (119 - беттен).

«Тар заманга» кылдат текстологиялык анализ жүргүзүү менен «жасоолдор келет шарактап, жардынын атын карактап, жасоолдор ылгабай минди айгырды, жакшылардын баарысы, мына ушундай болдук деп, жатып алып кайгырды» деген саптардан акындын заман абалын реалдуу сүрөттөп жатканы таспиеттелет. Ырас, «Тар заман» сыяктуу тематикадагы чыгармаларды жараткан авторлор (алар бир топ

[3] Артыкбаев К. Аталган эмгек, -78-79-беттер.

эле болчу) идеологиянын капшабына кабылып, жалпы журтка, окурмандардын калын катмарына таралуу укугунан ажыраганы белгилүү эмеспи. Алар не диний-мистикалык позициясы үчүн, не саясий-идеологиялык жаңылыштыгы менен цензуранын талаптарына ылайык келбей, укуктары чектелгени белгилүү, мында маселе ал жөнүндө деле эмес. К.Артыкбаев Арстанбектин кандай себептер менен ошого тушугуп отурганына өзүнүн реалдуу мамилесин билдире алганы жөнүндө болгону оң. Изилдөөчүнүн кабыл алганына, түшүндүрмөлөрүнө ылайык Арстанбектин бул казалында диний-мистикалык, шовинисттик позиция деле, чектелген түшүнүктөр деле жок эле. Тек гана элдин саясий-социалдык абалы начарлап, укуктары чектелип калганы (буга адабиятчы текстен конкрет мисалдарды келтирет) маселенин чоо жайын чечип, төркүнүн тапканы иштин реалдуу абалына төп келээрин айталы. Чынында эле, «Тар заман» дал ушунусу менен баалуу да, барктуу да, ары таасирдүү, ары актуал, бир сөз менен түшүндүрө келгенде, нукура классикалык мурастардын тизмесинен орун табаар алгылыктуулугу да ушунда эмес беле. Бул инсан боюча изилдөөдөгү адабиятчынын корутунду бүтүмү ушул болду: «XIX кылымдын орто чегиндеги кыргыз элинин коомдук турмушунун ар тараптан тарып, колонизатордук режимдин алкагында калып, улуттук-боштондуктан ажыраган мезгилдеги көрүнүшүн Арстанбек «Тар заман» деп эң таамай аныктаган. Адабиятта чын сөз эч качан өлгөн эмес. Чындыкты туура чагьшдырган Арстанбек өңдүү акындар да убактылуу тумчуктурулуп келгендигине карабастан, өлбөс болуп эл оозунда кала бермек»(124 – беттен).

Демек, эл ырчылардын адабий мурастарын изилдөө иштерине кошкон бараандуу салымы үчүн профессор К.Артыкбаевдин эмгектерин өзүнүн нукура нарк-насилин төмөндөтпөй баалап алуу жагы калды, бул - маселенин экинчи жагы.

Айтыш өнөрү илгертен муундан-муунга эстафета иретинде берилип, чыгармачылыктын соолбос үлгүсү катары кастарланып келе жаткан салттуу өнөрдүн (жөрөлгөлөрдүн) бири. Чыгармачылык өнөр катары айтыш ушул бүгүн да өзүнүн профессионалдык бийик деңгээлин орнотуп, улам жаңы форма, мазмун жаратьш, келечекте да жаңы бийиктиктерди аларына шек туудурбайт.

Бирок, адабият менен искусстводогу өзүнчө көркөм кубулуш катары акындык өнор (айтыш өнөрү, салтуу төкмөлүк өнөр) өзүнүн чыныгы профессионалдык апогейине жеткен учурун алда качан жашап, жылдызы жанган мезгили артта, он тогузунчу менен жьшырманчы кылымдардын тогошкон мезгилинде калды көрүнөт. Ч.Айтматовдун сөзү менен айтканда, «эми ошондой өнөрдүн өкүлдөрүн тарых кайра жаратпайт окшойт».

Айтыш өнөрүнүн табияты чыгармачылык менен ички психологизмдин ширелүүсүнөн жаралган сейрек кездеше турган өнөр. Мында төкмөлүк (импровизация) биринчи планга чыгат. Бирок, акындардын баары эле төкмө болушкан эмес. Бул маанилүү маселеге биз кийин, өзүнчө изилдөөдө токтолобуз.

Акындар поэзиясынын өзүнчө бир бутагы катары айтыш өнөрү кыргыз адабият таануу илиминде кыйла жылдардан бери изилденип келет. Филология илимдеринин доктору, профессор К.Артыкбаев адабияттын тарыхын изилдеп жүргөн адис катары акындар чыгармачылыгына, андагы төкмөлүк өнөргө да саресеп салып жүрөт. Анын 1991-жылы «Адабият» басмасынан жарык көргөн «Акыйкат сабагы» аттуу адабий изилдөөлөрүнүн топтомунда акындык өнөргө байланышкан үч портреттик ири тема бар экенин жогоруда айткан элек. Алардын бири эл ырчысы Калыктын чыгармачылык концепциясынын эволюциясы тууралуу

жазылган «Устаттыктын улуу бийиктиги» деген изилдөө экенин да, Арстанбектин «Тар заманы» жөнүндөгү изилдөөсү да, дагы бирөө «Төкмөлүктөн профессионал поэзияга чейин» деп аталган изилдөө экенин да айттык эле, мында эл акындарынын бир өкүлү Абдрашит Бердибаевдин чыгармачылыгына арналган ири изилдөө экендиги белгилүү. Изилдөөдө А.Бердибаевдин акын катары калыптанышына өбөлгө, шарт түзгөн бир катар өбөлгөлөр жөнүндө маалымат берилет.

Биринчиси, Абдрашит атактуу акын Калыктын шакирти Сарыкунан менен жолуккан соң ага чыгармачылык канат бүттү, шыгына шык кошулуп, таланты өркүндөй баштады. Бул отузунчу жылдардын башы эле. Кыркынчы жылдарда Абдрашит белгилүү төкмө Осмонкул менен жолугушат. К.Артыкбаев мында бул эки акындын айтышына (жолугушуу, учурашуу айтышына) кеңири токтолуп, анын акындык өнөрдү өздөштүрүүсүндөгү экинчи этаптын башталганын белгилейт.

Экинчиси, Абдрашит Бердибаевдин чыгармачылыгынын музыка өнөрү менен байланышы жөнүндө далилдүү, ары кызыктуу ойлор айтылат. Мында акындын аткаруучулук мүмкүнчүлүгү толугу менен ачылат.

Үчүнчүсү, Акындын ырларына белгилүү композиторлор А.Малдыбаев, М.Абдраев, Ж.Шералиев, Б.Эгинчиевдин музыка жазып, чыгармачыльж тыгыз байланышта болушкандыгы, ал байланыш кыргыз искусствосунун өсүп-өнүгүнүшүнө өбөлгө түзгөнү жөнүндө айтылат.

Жөнөкөйдөн татаалга өөрчүп отурган ар кандай нерсенин эволюциясын көрсөткөндөй, сөз болуп жаткан макала А.Бердибаевдин чыгармачылык өсүү эволюциясын айныбай келептеп берген. Мында оозеки поэзиянын кыртышынан өнүп чыккан акындын талант-дарамети, поэтикалык чеберчиликтин жогорку профессионалдык деңгээлине жеткен эволюциялык жолу берилет. Дегинкиси, КАртыкбаевдин сөз болуп жаткан макаласында мындан бөлөк да толуп жаткан баалуу ойлор бар, алар жөнүндө кийинки, өзүнчө изилдөөлөрдө сөз кыларбыз.

Жогоруда бир нече ирет профессор К.Артыкбаев эл ырчыларынын чыгармачылыгы боюнча портреттик изилдөөлөрдүн мыкты иштегенин белгиледик эле, мындай ойдон эми деле баш тартпайбыз. Бирок, бул изилдөөчү-окумуштуу акындык поэзияны методологиялык жактан изилдөөдө ал адабий портреттер менен эле чектелген эмес. Асыресе, анын акындык поэзияны изилдөө иштерине кошкон дагы бир (балким, эң негизги) салымы катары окуу куралдары менен окуу китептери жөнүндө сөз болгону оң.

Белгилүү эмеспи, жалпы кыргыз адабиятын окуп-үйрөнүү процессинде материалдар негизги үч баскычта каралып, алардын ар бири өзүнчө көркөм процесс катары этаптарга бөлүштүрүлүп, системалуу түрдө үйрөнүлөт. Логикага сыярлык мындай көрүнүш мектепте да, орто билим берүүчү атайы адистештирилген окуу жайларьшда да, жогорку окуу жайларында да бирдей принципте ишке ашырылат. Системалуу үйрөнүлүп жаткан ал баскычта: фольклор, эл акындарынын чыгармачылыгы жана бүгүнкү күндөгү жазма профессионал адабияттын өкүлдөрүнүн адабий мурастары.

Эгерде үйрөнүү процессинде фольклор менен профессионал жазма адабият канчалык маанилүү орунга коюлса, акындар чыгармачылыгы да ошондой эле милдет өтөп, ошондой эле маанилүү орунга коюлат.

Ушул позициядан чыгып, акындар чыгармачылыгын илимий жактан кылдат үйрөнүүгө үлкөн милдет тагъшып, ал боюнча мына кыйла жылдардан бери окуу китептерин жазуу иши жакшы жолго коюлуп келет. Мунун айкын далили катары профессор К.Артыкбаевдин автордук жана уюштуруучулук талыкпас эмгегинин

аркасында жазылган жана басмадан чыгарылган «Кыргыз акындарынын чыгармачылыгы» аттуу үч бөлүктөн турган окуу куралын атап туралы. Алардын биринчи бөлүгү 1988-жылы, экинчи менен учүнчү бөлүктөрү 1992-жылы Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетинин басмаканасынан жарык көргөн эле.

Окуу куралдарынын аннотациясы айтып тургандай, аларда кыргыздын бир катар акындарынын чыгармачылыгы боюнча жазылган портреттик бөлүмдөр, макалалар киргизилип, ал акындардын ар биринин чыгармачылык жеке өзгөчөлүгүнө байланышкан жаны маалыматтар берилген. Сөз болуп жаткан окуу куралдарынын буга окшогон бөлөк эмгектерден айырмаланган биринчи касиети ушул. Экинчи жагынан, ал окуу куралдарындагы тигил же бул проблемага (темага) арналган портреттик же обзордук бөлүмдөр (макалалар) обу жок чубалжыбай, так жана кыска берилгендигинде. Үчүнчү жагынан, ал окуу куралдарынын өзгөчөлөнгөн касиети жупкадай гана болгон чакандыгына карабай, ал китепчелер окурмандардын кеңири чөйрөсүнө даректелген.

Тагыраак айтканда, алар студент менен аспирантка, окуучу менен мугалимге, жогорку окуу жайынын окутуучусу менен жалпы филолог адистерге арналган. Сөз болуп жаткан окуу куралдарынын портреттик бөлүмдөрүн же айрым чакан параграфтарын профессор К.Артыкбаев, профессор Л.Үкүбаева, профессор А.Абдразаков, доцент К.Байжигитов, доцент С.Искендерова, ага илимий кызматкер К.Кырбашев сыяктуу адабий чөйрөгө эчак таанымал болуп калышкан окумуштуулар жазышкан.

Дегинкиси, бул жерде мындай окуулуктарды даярдоо иштериндеги автордук жана уюштуруучулук аракеттеринде тыным билбеген окумуштуу К.Артыкбаевдин кыргыз адабиятынын тарыхында өзгөчө мааниге ээ болгон акындык поэзияны, анын ичинде салтуу төкмөлүк өнөрдү изилдөө иштерине кошкон салымы жөнүндө баратат. Профессор К.Артыкбаев «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» деген аталыштагы окуу китебинде акындык поэзияга айрыкча токтолуп, бир топ алгылыктуу бүтүмдөрүн жасаган. Бул өзүнчө изилдөөнүн объектиси болсун, ошентип, профессор К.Артыкбаев улуттук адабияттагы салттуу төкмөлүк өнөрдүн ички табиятын кылдат изилдеген окумуштуулардын иралды өкүлү болуп калды.